УДК 336.143.231: 342.417
DOI 10.58649/1694-9099-2025-4-457-463

ТЕМИРОВ Н.Ж.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
ТЕМИРОВ Н.Ж.
КНУ имени Жусупа Баласагына
TEMIROV N.J.
KNU Jusup Balasagyn

# МАМЛЕКЕТТЕГИ ЖУМУШТУУЛУК ЖАНА ЖУМУШСУЗДУКТУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫН БЮДЖЕТТИК-УКУКТУУЛУКТУН САЯСАТЫНЫН ТҮЗҮЛҮҮСҮНӨ ТИЙИШТҮҮЛҮГҮ

# ПРОБЛЕМЫ ЗАНЯТОСТИ И БЕЗРАБОТИЦЫ И ИХ СВЯЗЬ В ФОРМИРОВАНИИ БЮДЖЕТНО-ПРАВОВОЙ ПОЛИТИКИ ГОСУДАРСТВА

# PROBLEMS OF EMPLOYMENT AND UNEMPLOYMENT AND THEIR CONNECTION WITH DEVELOPING BUDGETARY AND LEGAL POLICY OF GOVERNMENT

**Кыскача мүнөздөмө:** Жумушсуздук – ар бир соодалаштыкта же рынокто өнүгүп жаткан өлкөнү коштогон – жөн гана экономикалык эмес, социалдык көрүнүштөргө таасирин тийгизип, ар бир коомдо болгон бюджеттик-укуктуулуктун саясатын камтыйт. Жумуштуулук мамлекеттин жана коомдун олуттуу көңүлүндө болуп, мамлекеттин экономикасынын социалдык көйгөйлөрдү камтып бюджеттик-укуктуулуктун саясаттын жүргүзүүнүн максаты боло алат экендиги бизге белгилүү. Макалада, Кыргыз Республикасындагы жумуштуулук менен жумушсуздуктун учурлары, Кыргыз Республикасынын бюджеттик-укуктуулугунун өзгөчө көйлөрүн илимий же теориялык жагынан далилдеп берүүсү болот. Макаланы даярдап жатканда анын авторлору менен салыштырма жана тутумдук аңыздоо (системный анализ) ыкмалары колдонулган. Макаланын авторлору статистикага таянып, Кыргыз Республикасында жумушсуздуктун көйгөйлөрү толугу менен чечилүүсү бюджеттик-укуктуулуктун саясаты аркылуу ишке ашыралат – деп ойлошот. Макалада, жумушсуздуктун көлөмү жалпы экономиканын абалын аныктап, экономиканын эффективдүүлүгүн өлчөөчү – мамлекеттин бюджеттик-укуктуулугунун көрсөткүчү боло алат экендигин далилдейт. Буга ылайык, Кыргыз Республикасынын жумушсуздуктун көйгөйлөрү жалпы соодалащтыктын же рыноктун шартында экономикалык жана коомдогу бюджеттик-укуктуулугу жөнүндө илимдеринин кайталангыс (кайталанбас) маанисине ээ. Жумушсуздук – жумуштуу күчтөрдүн көлөмдүү колдонбостугу, өлкөнүн ИДПсын (ички дүң продукциясыг) же УДПсын (улуттук дүң продукциясын) азайтып көрсөткөн, көрсөткүчү болот. Жумуштуу күчтөрдү туура эмес колдонулушу мамлкеттин экономикалык тутуму натыйжасыз (эффективдүү эмес) иштешин, мамлекеттин мүмкүнчүлүгү бар болгон өндүрүүлөрдү жүргүзө албагандыгын, экономиканын өсүүсү мүмкүн болбогондугун жоюуга, социалдык саясатты туура багытта жүргүзгөнгө – коомдогу бюджеттик-укуктуулуктун саясатын түзүлүшү менен аткарылышы гана – алып келет экндигин далилдейбиз.

**Аннотация:** Безработица – явление, сопровождающее каждое рыночное или развивающееся государство, – оказывает влияние не только на экономику, но и на социальные процессы, охватывая при этом и политику в сфере бюджетно-правовых отношений. Занятость остается в центре внимания государства и общества, поскольку может служить одной из целей бюджетно-правовой политики, направленной на решение социальных проблем в экономике страны. В статье рассматриваются случаи занятости и безработицы в Кыргызской Республике, а также особые аспекты бюджетно-правовой политики, связанные с этими явлениями, как с научной, так и с теоретической точки зрения. При подготовке материала авторами использовались сравнительный и системный анализ. С опорой на статистические данные авторы статьи приходят к выводу, что решение проблем безработицы в Кыргызской Республике возможно именно посредством реализации эффективной бюджетно-правовой политики. В работе доказывается, что уровень безработицы может служить индикатором общего состояния экономики и показателем эффективности бюджетно-правовой системы государства. Соответственно, проблемы безработицы в Кыргызской Республике в условиях рыночной экономики приобретают особое значение для науки, изучающей бюджетно-правовую

систему общества. Безработица, как форма неиспользования трудовых ресурсов, влияет на снижение валового внутреннего продукта (ВВП) или валового национального продукта (ВНП) страны. Нерациональное использование трудовых ресурсов указывает на неэффективность экономической системы, неспособность государства реализовывать имеющиеся производственные возможности и сдерживает экономический рост. Только формирование и реализация эффективной бюджетно-правовой политики позволяет направить социальную политику государства в правильное русло и преодолеть эти вызовы.

**Abstract:** Unemployment – a phenomenon that accompanies every market or developing country – impacts not only economic but also social processes, encompassing the budgetary and legal policy of any society. Employment remains a significant concern for both the state and society, as it is known that addressing social issues within the economy through budgetary and legal policy can serve as a primary objective of governance. This article examines cases of employment and unemployment in the Kyrgyz Republic, presenting scientific and theoretical evidence related to specific features of the country's budgetary and legal framework. In preparing the article, the authors employed comparative and systemic analysis methods. Relying on statistical data, the authors argue that the problems of unemployment in the Kyrgyz Republic can be fully resolved through the effective implementation of budgetary and legal policy. The article demonstrates that the level of unemployment serves as an indicator of the overall economic condition and a measure of the efficiency of the state's budgetary and legal system. Accordingly, the issue of unemployment in the Kyrgyz Republic, under the conditions of trade and market relations, holds unique significance in the study of economics and public finance law. Unemployment – as a form of underutilization of the labor force – negatively impacts the country's Gross Domestic Product (GDP) or Gross National Product (GNP), serving as a key indicator of this decline. Misallocation of labor resources reflects the inefficiency of the economic system, the state's inability to realize its production potential, and the barriers to economic growth. Only the formulation and implementation of a well-structured budgetary and legal policy can direct social policy effectively and address these challenges.

**Негизги сөздөр:** жумуштуулук; жумушсуздук; соодалаштык; сациалдык саясат; бюджеттик-укуктуулуктун саясаты; ИДП же УДП; экономика; жумуштуу күчтөрү; салык салуу саясаты; жумуштуулуктун жана жумушсуздуктун саясаты.

**Ключевые слова:** занятость; безработица; рынок; социальная политика; бюджетно-правовая политика; ВВП или ВНП; экономика; рабочая сила; налоговая политика; политика занятости и безработицы.

**Keywords:** employment; unemployment; market; social policy; budgetary and legal policy; GDP or GNP; economy; labor force.

Учурдагы Кыргыз Республикасынын коомчулугунун өнүгүүсүнө бюджеттик-укуктуулуктун саясатында жаткан социалдык-экономикалык көйгөйлөрү – жумуштуулуктун жана жумушсуздуктун мааниси күчөп жатат.

Жумуштуулуктун жана жумушсуздуктун көйгөйлөрү илимде же теорияда ар кандай концептуальдык жолдорунун көптүгү менен айырмаланат. Коомдогу жумуштуулук менен жумушсуздуктун теориясында көп мектептер жана багыттар бар жана алар ар кандай теориялык көз караштарды жактап турушат. Бул пикирдеги адабияттардын көптүгү биздин учурубуздагы чоң мааниге ээ экендигин далилдейт. [5]

Жумуштуулуктун маңызы эмгекке жөндөмдүү (экономикалык активдүү) адамдардын киреше табууга (алууга) жана жеке керектерин (ойлорун, саналарын же талаптарын) канаттандырууга багышталынган иш-аракеттери. Бул менен чоогу экинчи иреттеги жумуштуулуктун маанисинде – эмгек аракеттердин ишке ашыруусун түшүндүрөт. «Жекежумуштуулук» киреше табуу же алуу максатындагы жекелүү жана өзү баштап кылган иш-аракеттердин жолун түшүндүртөт (билгизет же билдиртет). Ушу менен чоогу «жумуштуулук» аталгандардан да башка бир катар түшүнүктөрдү (билгизүүлөрдү же билдиртүүлөрдү) чечмелейт. [5]

1-тизмекте, 2020-2024-жылдарында орун алган Кыргыз Республикасында жарандардын, жумушчу күчтөрдүн, жумуштуулардын жана жумушсуздардын сандык жана пайыздык өлчөмдөрүндө өзгөрүлүштөрү (динамикасы) берилген.

**1-таблица. 2020-2024-жылдардагы Кыргыз Республикасынын жарандарынын, жумушчу күчтөрүнүн, жумушта иштегендердин, жумушсуздардын сандык жана пайыздык өзгөрүүлөрү (динамикасы)**

| Аталышы | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жарандардын саны, миң адам | 6663,6 | 6789,6 | 6912,9 | 7037,6 | 7161,9 |
| Пайыздык өзгөрүүсү, % | | 1,89 | 1,82 | 1,8 | 1,77 |
| Жумушчу күчтөрдүн саны, миң адам | 2583,6 | 2595,4 | 2680,5 | 2712,7 | 2768,4 |
| Пайыздык өзгөрүүсү | | 0,46 | 3,28 | 1,2 | 2,05 |
| Жумушта иштегендердин саны, миң адам | 2442,4 | 2445,2 | 2537,9 | 2581,1 | 2656,2 |
| Пайыздык өзгөрүүсү | | 0,1 | 3,79 | 1,7 | 2,91 |
| Жумушсуздардын саны, миң адам | 140,9 | 150,2 | 142,6 | 131,6 | 112,2 |
| Пайыздык өзгөрүүсү | | 6,6 | -5,06 | -7,71 | -14,74 |

1-тизмекте жарандардын саны 2020-жылы 6663,6 миңди түзүп, 2021-жылы өткөн жылга салыштырсак – 126 миңге же 1,89%га; 2022-жылы 2021-жылга салыштырсак – 123,3 миңге же 1,82%га; 2023-жылы 2022-жылга салыштырсак – 124,7 миңге же 1,8%га жана акырында, 2024-жылы 2023-жылга салыштырсак – 124,3 миңге же 1,77%га; көбөйгөн. Жумушчу күчтөрдүн саны 2020-жылы 2583,6 миң адамды түзүп, 2021-жылы өткөн жылга караганда – 11,8 миңге же 0,46%га эле; 2022-жылы 2021-жылга караганда – 85,1 миңге же 3,28%га; 2023-жылы 2022-жылга караганда – 32,2 миңге же 1,2%га жана, акырында, 2024-жылы 2023-жылга караганда – 55,7 миңге же 2,05%га; көбөйгөн. Жумушта иштегендердин саны: 2020-жылы 2442,4 миңди түзүп, 2021-жылы өткөн жылга караштуу 2,8 миңди же 0,1%га; 2022-жылы 2021-жылга караштуу – 92,7 миңди же 3,79%га; 2023-жылы 2022-жылга караштуу – 43,2 миңди же 1,7%га жана, акырында, 2024-жылы 2023-жылга караштуу – 75,1 миңди же 2,91%га; көбөйгөн.

Ошентип, биз аңыздаган 2020-2024-жылдары Кыргыз Республикасында жарандардын эң эле көп көбөйгөнү 2020-жылында – 126 миң адамга же 1,89%га көбөйүп, 2024-жылга чейин (2022-жылы – 0,07%га; 2023-жылы – 0,02%га жана 2024-жылы – 0,03%га) ар жылдары азайып келе жатат. Бирок жумушчу күчтөрдүн 2022- жана 2024-жылдары 3,28 менен 2,05%дарга көбөйгөндүктөрү – Кыргыз Республикабызга сырттан келген имигранттардын саны жылдан жылга көбөйгөндүгүн белгилейт.

2024-жылы Кыргыз Республикасында турган жарандардын саны 7161,9 миңди, алардын эмгек күчтөрү 2768,4 миңди же жалпы жарандардын санынын 38,65%ды түзгөн. Жалпы эмгек күчтөрдүн санынан (2768,4 миңден) 2656,2 миңи же 95,95%ы экономикада эмгектенишип, 112,2 миңи (4,05%ы) (Дүйнөлүк эмгек уюштуруу уюмунун ыкмасы боюнча классификациясы боюнча) жумушсуздарга аныкталанышып, жумушту активдүү түрдө издешкен.

Жумуштуулук – эмгек күчтөрү (экономикада активдүү) болуп саналган, киреше табуу (алуу) жана жеке керектерин (ойлорун, саналарын же талаптарын) канаттандыруунун максатын көздөгөн адамдардын иш-аракеттерин түшүндүрөт (билдирет).

Жумушта иштөөнүн мөөнөттөрү боюнча: туруктуу-, убакыттуу-, мезгилдүү- жана кокустуу-жумуштуулуктарга бөлүнөт.

**Туруктуу** жумуштуулук жумушчунун көбүнчө – ар жумада (апта), сейреги – ар айда – алдын ала белгилүү болгон убакытты (саатты) иштейт экендигин аныктайт.

**Убакыттуу** жумуштуулуктун эки түрү: белгилүү (эмгек келишимде бекитилген) мөөнөттөгү жумуштуулук жана командировкага (иштеп жаткан жерден сыртка) чыгуунун (белгилүү уюмдардын жардамы аркылуу өткөн) жумуштуулугу.

**Мезгилдүү** жумуштуулук белгилүү болгон мезгилдеги жумуштардын жүрүшү.

**Кокустуу** жумуштуулук көп убакытка созулбаган ар кандай иштердин эмгек келишимсиз, акчалай түрдө сый-акы алууга багышталган жумуштуулук.

Ошону менен, жумуштуулук соодалаштык экономикасындагы социалдык көйгөйдүн эң маанилүүсү болот. Жумуштуулуктун жана жумушсуздуктун статистикасы (ар дайым өлчөлүп тургандыгы) төмөнкү максаттардын чечилишине:

1. Жумуштуулардын жана жумушсуздуктардын сандары жөнүндөгү маалымдардын чогулушуна;
2. Жумуштуулуктун жана жумушсуздуктун деңгээлдердин өлчөп, иш-аткаруулардын соодалаштыгындагы туруктуу өзгөрүүлөрүнүн (тенденцияларынын) абалдарын изилделишине;

3. Жарандардын жумушка орношуусун изилдеп эмгектик соодалаштыгынын абалын билип божомолдоосуна;

4. Жумуштуулардын жана жумушсуздуктардын түрлөрүн изилдеп, жумуштуулукту алдын ала өнүктүртүү жолдорун иштеп чыгуусуна;

5. Жумуштсуздук аркылуу мамлекеттин бюджетине түшпөй калган кирешесин ИДПга байлап эсептөөсүнө ж.б.; - жардам берет.

Соодалаштык экономикасынын негизги мүнөзүнө эмгек ишмердүүлүгү жок жарандардын болгондугу болот. Ошондо да ар кайсы жумушсуз жаранды жумушсуздуу адамдарга кошо албайбыз, анткени, жумушсуздуу адамдарга – жумушу жок, бирок жумушту активдүү түрдө издеп жаткан жана ишти аткара алуучу жаран, кошулат.

Жумушсуздуу адамга иштегиси келген жана иштей алган, жумуш издеп жаткан, бирок ар кандай себептерге (көбүнчө: адистик даярдыктын жоопко туура келбестиги же жумуш орундардын жоктугу менен) байланыштуу жумуш таба албаган адамдарды айтышат. 2015-жылдын август айынын 3-күнүндөгү 214-№ундагы Кыргыз Республикасынын «Жарандардын жумуштуулугуна көмөктөшүү жөнүндөгү» Мыйзамы боюнча жумушсуздуу жарандарга – эмгекке жөндөмү бар болгон жаштагы адамдардын толуктуу жумушка теңделген жумушу же аткаруу иштери, эмгек акысы (кирешеси) жок, бирок жумушта иштегиси келген жана ал иштерди аткара алган адамдарды, киргизет. [4]

Ошентип, жумушсуздуктун көйгөйлөрүн жакшыраак түшүнүү үчүн 2-тизмекте берилген жумушсуздуктардын өңдүү түрлөрүн изилдешибиз керек.

Жумушу жок жарандарга жарандардын эки түрлөрү кирет:

1) ыктыярдуу иштебеген жарандарга: атасы же энесинин, же жолдошунун (жубайынын) каражаттарынын эсебинен жашагандар (эсебинде тургандар);

2) Айласы жок иштебеген жарандага:

- жумуш табып берүү кызматтардын жардамы менен издегендер;

- эч кимден жардам сурабай (өздөрү) издегендер;

- жумушсуздуулар үчүн жөлөк пул алып жаткан жумушсуздуулар.

**2-таблица. Жумуштуулуктардын өңдүү түрлөрүнүн бөтөндөлүштөрү**

| Бөтөндөгөн көрсөткүчтөрү | Жумушсуздуктун өңдөрү | Мүнөздөмөсү |
|---|---|---|
| Себептери | Фрикциондык (убактылуу) | Көбүрөөк эмгек акы (маяна) же бааланган адистик, жакшыраак эмгек шарттары үчүн жумуш ордун өзгөртүү |
| | Институционалдык | Жумушчу күчтөрдүн соодалаштыгындагы талаптар менен сунуштардын себептерининин таасирлери |
| | Ыктиярдуу | Эмгекке жөндөмдүү жарандардын бир бөлүгү кандайдыр бир себептерге тиешелүү иштегиси келбегендиги |
| | Түзүмдүк | Каражаттардын илимий жактан жана иш-аткаруулардын уюштуруусунун өркүндөшү коомдук өндүрүүлөрдүн түзүшүнүн өзгөрүүсү |
| | Технологиялык (каражаттык) | Курал жарактардын жана каражаттардын жаңы муунга өттүүсү, өндүрүүнүн жүрүүсүндөгү колго жасалган жумуштардын каражатталуусу менен автоматташтырылуусу жумуштуу күчтөрдүн бир бөлүгү керексиз болуп же болбосо жаңыча болгон бир нече бийик деңгээлдүү адистүүлүктү талап кылат же өндүрүүнүн өзүн толугу менен өркүндөтөт |
| | Конверсиондык | Түзүмдүк жумушсуздуктун бир түрү. Аскердик курал өндүрүүсүнөн жана Куралдуу күчтөрдөн бошогон жумушчу күчтөрү |
| | Циклдык | Өндүрүүнүн жана жумуш ишмердүүлүктүн ылдыйлап бара жаткан учурда, экономикалык кризистин таасири себептеген жумушчу күчтөргө болгон суроо-талаптардын бат азаюусу |
| | Жергиликтик | Жергиликтүүлүктүн тарыхый, демографиялык, |

| | | |
|---|---|---|
| | (регионалдык) | социалдык-психологиялык ж. б. себептер менен айкалышып түзүлүшөт |
| | Экономикалык | Соодалаштыктын конъюнктурасы менен козголуп, андагы артыкташуу күрөштүн буюм- же товарөндүрүүчүлөрдүн жеңилгендиги алып келет |
| | Мезгилдик | Ар кандай тармактардагы ишмердүүлүгүнүн мезгилине жарашат |
| | Маргиналдык | Толугу менен көмөккө алынбаган жарандардын жумушсуздугу |
| Узактыгы | Кыскамөөнөттүү | 4 айга чейин |
| | Мөөнөттүү | 4-8 айга чейин |
| | Узак мөөнөттүү | 8-18 айга чейин |
| | Катып калгандыгы | 18 айдан көбүрөөк |
| Сырткы көрүнүшү | Айкын (ачык) | Жумушсуздуу жарандардын баардыгы жумуш издеп жаткандыгы |
| | Жашыруун | Экономикада жумушу бар бирок анда «ашыкча» болгондугу |

Экономикалык ишмердүү (активдүү) болгон жарандарга жумушсуздуулар да кощулушат. Жалпысынан экономикада жарандарды 5 абалдары:

1. Жалданган жумушчулар – ишкананын жетекчилиси менен эмгек иштердин шарттары кагазга жазылып же ооз эки айтылып келишим түрдө бекитилип, жалданууда келишишкен айлык акысын алып тургандар;

2. Жеке ишмердүүлүктүн негизинде иштегендер (ишти алып баргандар) – жеке ишмердүүлүгү аркылуу, жалданган жумушчулардын күчтөрүн колдонуп же колдонбой, киреше алгандар (тапкандар) – адамдар (ишмерлер же ишмерчилер) болот.

3. Жумушберүүчүлөр (иш менен камсыздоочулар) – менчик ишканаларды башкаруучулар же акционердик коомдорддогу, чарбалык жолдоштуктардагы ж.б. башкарганга ыйгарым укуктары бар – адамдар (ишмерлер же ишмерчилер) болот. Жумушберүүчүлөр жалданып иштеген башкаруучуларга, ишкананын жакшы иштөөсүнө жоопкердүү болуп, жеке милдеттерин толугу менен же бөлүп тапшыра (делегирлей) алышат.

4. Үй-бүлөлүк ишканалардын имерлери (ишмерчилери) – бир үй-бүлөнүн ишканасында, туугандарынын менчигинде жалданбай иштешкен жумушчу адамдар болот.

5. Жумушта иштегендердин санына кирбеген адамдар – мурун киреше алып иштешкен эмес (бир иш менен алектенбеген) жумушсуз адамдар болот. Булардын катарына жумуштуу адамдардын өйдөдө айтылган же башка топторго кирбей калган адамдар да кошулат.

Жарандардын жумуш орундарына сандык жана сапаттык мүнөзү менен жана экономикада оптималдуу, эффективдүү, рационалдуу, кеңири тандалуу, продуктивдүү жана толуктуу жумуштуулуктары талаптанылат. [6]

Аталган себептер биздин экономикабыздын шартындагы жумушсуздуктун денгээлине олуттуу түрдө:

1. Экономикадагы түзүмдүк өзгөрүүлөрдүн жүрүүсү, жаңыча курал каражаттардын колдонулушу ашыкча болгон жумушчу күчтөрдүн азаюусуна алып келип;

2. Экономикалык депрессия же анын төмөндөлүшү жумушберүүчүлөрдүн өндүрүштөрүн жана аларда иштечү адамдардын санын азайтыртып;

3. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министирлигинин жумуштуулук боюнча саясатына;

4. Экономикадагы өндүрүүлөрдүн көлөмдөрү мезгилге караштуу өзгөрүлүшүнө;

5. Демографиялык (калктын сандык) өзгөрүүлөрү, тагыраагы – калктын көбөйүүсүнө; – таасирин тийгизет.

Ошондуктан, жумушсуздуктун биринчи кезектеги себептери иштеп жаткан адамдардын күчтөрү натыйжасыз колдонулушуна (натыйжасыз ишмердүүлүккө; адистүү эмес иштүүлүккө (жумуштуулукка); жумуш издөө жолунда эмиграция кылууга мажбур болууга; жумушсуз жүрүп же толук эмес жумуштар менен алектенүүгө; туруксуз жана аз төлөгөн жумуштарда иштөөгө (жалданууга)); өлкөнүн ИДПсын жана УДПсын ылдыйлатууга – алып келет. Экономикалык тутумда эмгек (иштеп жаткан адамдардын) күчтөрүн туура эмес колдонгондук, экономикада мүмкүн болгон өндүрүүлөрдүн көлөмүнө жеткизбей,

бюджеттибизге болушунча көп каражаттардын түшүүсүнө алып келбегендик, республикабыздын туруктуу өнүгүүсүнө тосколдуктарды жаратат.

Мамлекеттин жумуштуулукту жана жумушсуздукту жөнгө салуу саясаты бюджеттик-укуктуулуктун саясаты менен тыгыз байланышат, анткени республикалык бюджеттин эсебинен жумуш менен камсыздоо иш-чаралары, адистик үйрөнүп даярдоолор, жумушсуздарды социалдык камсыздоолор жана жаңыча иш-орундарды даярдоолору – каржыланып турушат.

Кыргыз Республикасындагы бюджеттик-укуктуулуктун саясаты Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Бюджеттик кодекси жана жарандардын жумуш менен жана социалдык камсыз болушу керек болот жөнүндөгү мыйзамдардын жардамы аркылуу түзүлүшү керек.

Ошону менен, жумушсуздуктун деңгээли жарандардын социалдык жетишкендиктерин гана көрсөтпөстөн, экономиканын абалына жана республикабыздын бюджеттинин көлөмүнө (ИДП аркылуу, киреше жана кошумча нарк салыктары аркылуу) түзмө-түз таасирин тийгизет деп ойлойбуз.

Ошону менен чоогу, Кыргыз Республикасынын бюджеттик-укуктук саясаттынын жүргүзүү бир гана мамлекеттин органы эмес, (мисалы, бюджеттик жана салык салуулардын саясаттарын Кыргыз Республикасынын Финансы министирлиги жана ага караштуу Салык кызматы түзүзүп ишке ашырса, бажылык ж.б. төлөлөмдөрдүн саясатын Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министирлиги түзүзүп ишке ашырат. Кыргыз Республикасынын Саламатты сактоо министирлигине, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министирилиге же Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министирлигине жана башка министирликтерге бөлүнгөн, бюджеттери Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин көлөмүн көбөйтүп, бюджеттик чыгымдардын азайтып – синергиялык эффекти жаратат. Кыргыз Республикасынын бюджеттик-укуктуулуктун саясатын мамлекет жалпы – аткаруу бийлиги аркылуу жүргүзүү керектигин биз баса белгилешибиз керек. Анткени бюджеттик-укуктуулуктун саясатынын максатары – мамлекеттин баардык бийлик органдары биргелешип, бирине бири тоскоол болбой, бир тараптуу саясат жүргүзүүсү аркылуу жете алат – деп ойлойбуз.

**Колдонулган адабияттар**

1. 2021-жылдын апрель айынын 11-күндүн Кыргыз Республикасынын Конституциясы https://cbd.minjust.gov.kg/1-2/edition/1202952/ru;
2. 2023-жылдын май айынын 31-күнү 144-№ундагы Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республиканын Эсептик палатасы жөнүндө» Конституциялык Мыйзамы https://cbd.minjust.gov.kg/112596/edition/1256784/ru
3. 2016-жылдын май айынын 16-күнү 59-№рундагы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси https://cbd.minjust.gov.kg/111338/edition/7319/ru
4. 2015-жылдын август айынын 3-күнүндөгү 214-№ундагы Кыргыз Республикасынын «Жарандардын жумуштуулугуна көмөктөшүү жөнүндөгү» Мыйзамы.
5. В. И. Видяпин, А. И. Добрынин, Г. П. Журавлёва, Л. С. Тарасевич «Экономикалык теория». М., 2005.
6. Хейне П., Боуттке П., Причитко Д. Экономический образ мышления, 10-е изд. / пер. с англ. Т. А. Гуреш. М.: Вильямс, 2005. 544 с.
7. Н. Ж. Темиров, Ф. Х. Исламова. «Коомдук илимдериндеги синергияын орду жана анын өлчөлүгүшү» // Известия Иссык-Кульского форума бузгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. 2024. №1 (44). С. 71-75.
8. Н. Ж. Темиров, А. Үсөнбек кызы, Б. Аманидин кызы «Кыргыз Республикасынын бюджеттик чыгымдарысынын оптималдаштыртуусунун көйгөйлөрү» // Сборник научных трудов, посвященных 70-летию Профессора Пиримбаева Жусупа Жунусбаевича / Салымбеков университети. – Б. 2024. – 308 с. ISBN: 978-9967-493-95-7.
9. Н. Ж. Темиров, А. Үсөнбек кызы, Б. Аманидин кызы Бюджеттик чыгымдардын оптималташтыртуусу жана мамлекеттик кызматтардын камсыздануусу// Сборник научных трудов, посвященных 70-летию Профессора Пиримбаева Жусупа Жунусбаевича / Салымбеков университети. – Б. 2024. – 308 с. ISBN: 978-9967-493-95-7.

**Рецензент: д-р экономич. наук, проф. Ботобеков А.**